Жакып Өмүралиев атындагы орто мектеби

# НАСААТЧЫ МЕНЕН ЖАШ МУГАЛИМДИН ИШ АЛЫП БАРУУСУ

Бекитемин:__________

Мектеп директору:К.Сулайманова

2021-2022-окуу жылы

*Нарын районундагы Жакып Өмүралиев атындагы орто мектеби*

*Насаатчы менен жаш мугалимдин жарым жылдык үчүн түзүлгөн иш планы.*

Максаты: Насаатчы менен жаш мугалимдин ортосундагы педагогикалык ишмердүүлүктү арттыруу

Милдети: 1.Окуу процессиндги көйгөйлөрдү чечүү максатында,кайтарым байланыш жүргүзүүнү үйрөтүү

2.Мугалимдин таанып билүүсүнө көмөк көрсөтүү,санарип технологияларын туура пайдаланаа билүүгө багыт берүү

3. Мектептин нормативдик документациясын толтуруу эрежелерин үйрөтүү

# БУЙРУК № 7

Ж.Өмүралиев мектеби. 2021-жыл.
15-сентябрь.

Жаш адистердин кесиптик жактан өрчүсүүнө көмөк көрсөтүү, ошондой эле окуу-тарбия жана Усулдук иштерине байланышкан милдеттерди жогорку денгээлде аткарууга жөндөмдүү чебер мугалимдерди даярдоо максатында

## БУЙРУК КЫЛАМЫН :

1. 2021-2022 — окуу жылынын 15- сентябрынан баштап Жаш адистерге насаатчылар дайындалсын:

    1. Башт. классынын мугалими А.Арзымовага- Ж.Касаева.
    2. физика сабагынын мугалими А.Акылбековага — К.Сулайманова.
    3. тарых сабагынын мугалими А.Шаршеевге — К.Бапанова.
    4. орус тили жана адабияты мугалими Ж.Кадырова жана англис тили мугалими Н.Камчыбековага — А.Байсакова.
    5. орус тили жана адабияты мугалими А.Кенжебаевага — И.Дүйшөкеева.
    6. дене тарбия мугалими Э.Бейшенакуновго — М.Искенов.

2. Насаатчы мугалимдер :

    Башт. кл мугалими - Ж.Касаева
    Математика мугалими - К.Сулайманова.
    География мугалими - К.Бапанова.
    Кыргыз тили адабияты мугалими- А.Байсакова.
    Кыргыз тили адабияты мугалими - И.Дүйшөкеева.
    Дене тарбия мугалими - М.Искенов

эмгек акы фондунан төлөмдөр белгиленсин.

3. 2021-2022 — окуу жылынын 20-сентябрына чейин Усулдук бирикме жетекчилери Ж.Касаева, А.Байсакова , А.Акылбекова, К.Бапанова, А.Субанова насаатчылардын иш планын жана жаш адистердин кесиптик өнүгүүсү боюнча пландарын макулдашып, окуу бөлүмүнүн башчысы А.Нааматовага бекитүүгө беришсин.

4 Насаатчылардын иштерине көзөмөл жүргүзүү Усулдук бирикме жетекчилерине жана окуу бөлүмүнүн башчысы А.Нааматовага жүктөлсүн.

5. Насаатчылык жөнүндө жобо бекитилсин.

Мектеп директору : К.Сулайманова

**Насаатчылык** - ишмердигин жаны баштаган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрүү.

**Жаш адис** – бул тийиштүү үч жылдан аз убакыт иштеген адис

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР:

1.1. Насаатчылык — бул насаатчынын төмөнкүдөй топтордогу адистерге (мындан ары-«жаш адистерге») кесиптик өсүш жагынан ар тараптуу жардам жана колдоо көрсөтүү ишмердиги:

- педагогикалык билими болсо да, билим берүү мекемелеринде педагог

катары иштеген эмгек стажы топтоло элек жаш адистерге;

- окуу-тарбия процессинде кошумча жардамга муктаж болгон адистерге (мугалимдерге);

мугалимдик кызматка которулган адистерге аткарган кызмат милдеттерине карай окутуу усулдары боюнча кесиптик иш билгиликтерин терендетүү талап кылынса;

- билим берүү мекемелеринде педагогикалык эмгек стажы жок, педагогикалык эмес окуу жайларды бүтүргөндөргө;
- жалпы билим берүүчү мекемелерде иштеген педагогикалык адистиктер боюнча сырттан\ дистанциялык окуп жаткан студенттерге;
- ЖОЖдордун күндүзгү бөлүмдөрүндө окуп,мектепте педагогикалык практиканы өтүп жаткан студенттерге;

**Насаатчы-** бул предмет жана окутуу усулу жаатында мыкты кесипкөй жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог.

1. 2. Насаатчылык-жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгиликтерин өнүктүрүү боюнча насаатчынын тутумдуу,жекече иш жүргүзүшү.

1. 3. Насаатчылыктын укуктук негизи болуп,Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ушул жобосу,башка мыйзамдык жана ченемдик актылары саналат.

## 2. Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери

2.1. Насаатчылыктын максаты-жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан жардам,көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадр маселесин бекемдөө.

2.2. Насаатчылыктын негизги милдеттери:

- мектеп маданиятына көнүктүрүү,мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана адеп ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү;
- жаш адистердин педагогикалык иш дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепке алып калу;
- жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо,тапшырылган милдеттерди өз алдынча,сапаттуу аткаруу жөндөмүн өнүктүрүү;

## 3. Насаатчылыктын уюштуруу негиздери

3.1. Насаатчынын талапкерлиги мектептин усулдук бирикмелеринин (МУБ) жыйындарында көрсөтүлүп, мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылат да, мектеп директорунун буйругу менен бекитилет. Насаатчыны бекитүү жөнүндө буйрук жаш адисти тийиштүү кызматка дайындоодон эки жуманын ичинде чыгарылат.

3.2. Насаатылык жагынын жетекчиликти мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары жана МУБ башчылары жүргүзүшөт.

3.3. МУБ жетекчиси кесиптик даярдыгы жогору денгээлде болгон, усулдук иш жагынан тажрыйбалуу, ошондой эле беш жылдан ашуун педагогикалык стажы бар мугалимдердин ичинен насаатчыны сунуштайт. Мугалим бир эле убакта экиден ашпаган жаш адиске насаатчы боло алат.

3.4. Насаатчы анын өзү жана жаш адис макул болгон шартта дайындалат. Насаатчы жаш адисти үч жыл бою көз салат.

3.5. ЖОЖдун күндүзгү бөлүмүндө окуган студентке насаатчыны дайындоо ошондой эле буйрук менен бекитилген да педагогикалык практика мөөнөтүнө тиешелүү төлөм жүргүзүлөт.

3.6. Насаатчы төмөнкүдөй учурларда мектеп директорунун буйругу боюнча алмаштырылат:

- насаатчы жумуштан бошотулганда;
- жаш адис же насаатчы башка ишке которулганда;
- насаатчы менен жаш адис психологиялык жактан сыйыша албай калганда;
- насаатчы тартип жоопкерчилигине тартылганда.

3.7. Насаатчынын ишинин ийгилиги жаш адистин кесиптик өсүшүнө карай бааланат.

3.8. Ишинин ийгилиги үчүн насаатчы шыктандыруу тутумунун алкагында сыйланышы мүмкүн.

3.9. Насаатчылардын демилгеси боюнча Насаатчылар Кенеши түзүлүшү мүмкүн.

## 4. Насаатчынын милдеттери

Насаатчынын төмөнкүдөй милдеттери бар:

- билим берүү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистин ээлеген кызматына жараша укук-милдеттерин аныктоочу укуктук ченемдик актылардын талаптарын билүү.
- жаш адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү мукьаждыктарын аныктап билүү;
- жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын өсүш планын иштеп чыгуу;

- белгилүү мөөнөттө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды берүү,аткарылышына көзөмөл жүргүзүү,зарыл жардам берүү;
- жаш адиске сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жолдорун өздөштүрүү жагынан көмөктөшүү,ишиндеги күчтүү жана начар жактарын аныктап талдоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө;
- жаш адиске мектеп документтерин ( календардык план, сабактын күнүмдүк, тарбиялык пландарды, окуучулардын өздүк иштерин ,окуу журналын ж.б) тариздөөнү жана жүргүзүүнү үйрөтүү.
- кызматка кирүүдө ( мугалимге коюлуучу негизги талаптар, ички эмгек тартибинин , эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу);
- жаш адистин ишине байланышкан маселелерди талкулоого катышуу.
- түзүлгөн иш планга ылайык иш жүргүзүү, анын аткарылышы тууралуу мектептин усулдук бирикме жетекчисине өз убагында билдирип туруу;

## 5. Наасатчынын укугу

Насаатчынын төмөнкүдөй укуктары бар:

- сабактарды, класстан тышкаркы иштерди байкап, талдоо.
- жаш адистен оозеки жана жазуу жүзүндөгү жүргүзүлгөн отчетторун талап кылуу;
- мектеп директорунун окуу тарбия иштеринин орун басарынын жана УБ (усулдук бирикме ) башчысынын макулдугу менен жаш адисти окутуп үйрөтүүгө мектептин башка мугалимдерин да катыштырууга;
- кесиптик ар-намысын жана кадыр баркын коргоого;
- жаш адис менен иштөөдөн баш тартууга;
- насаатчылык жаатында кесиптик чеберчилигин жогорулатуу.

## 6. Жаш адистин милдеттери

Насаатчылык мезгилинде жаш адистин төмөнкүдөй милдеттери болот:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин макамы жөнүндө» мыйзамдарн , өз ишмердигин, мектептин түзүмүн, иштөө өзгөчөлүктөрүн жана фукционалдык милдеттерин аныктоочу ченемдик актыларды окуп -үйрөнүү;
- насаатчы менен иштешүү планын аткаруу;
- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча дайыма иштөө;
- насаатчыдан жаңычыл усулдарды жана иштөө ыкмаларын үйрөнүү;

- өзүнүн жалпы билим жана маданий деңгээлин өркүндөтүү;
- насаатчы менен бирге иштелип чыккан планга ыйлайык, өз ишмердиги жөнүндө отчет берип туруу.

## 7. Жаш адистин укуктары

Жаш адистин төмөнкүдөй укутары бар:

- насаатчыдан жардам алууга;
- өз ишин жакшыртуу боюнча сунуштарын мектеп жетекчилеринин кароосуна коюу;
- Кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;
- өз ишине баа берген даттануулар жана башка документтер менен таанышып көрүү,алар боюнча түшүндүрмө берүү;
- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- Кесиптик адеп ченемдеринин бузулушуна байланыштуу өзүнүн таламдарын коргоо;
- Насаатчы менен иштөөдөн баш тартуу.

## 8. Насаатчынын ишин жетектөө

8.1. Мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын төмөнкүдөй милдеттери бар:

- Жаш адисти мектептин педагогикалык жамаатына тааныштыруу, ага насаатчынын бекитилгендиги жөнүндө буйрукту жарыялоо;
- Жаш адистин насаатчысы менен биргеликте иштеши учун зарыл шарттарды тузүү;
- Жаш адис менен насаатчынын өткөргөн айрым сабактарына жана предмет боюнча класста тышкаркы иң-чараларына катышуу;
- Насаатчылардын жаш адис менен иштешүү планын түзүшүнө усулдук колдоо көрсөтүү жана практикалык жардам берүү;
- Билим берүү уюмундагы насаатчылыкты уюштуруу боюнча алдыңкы тажрыйбасын иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.

**8.2. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчисинин төмөнкүдөй милдеттери бар**

- Усулдук бирикменин отурумунда насаатчынын иш планын карап чыгуу;
- Насаатчынын жаш адис менен иштешүүсүнө тутумдуу, ырааттуу колдоо көрсөтуп туруу;
- Мектептеги усулдук бирикменин отурумунда насаатчынын жана жаш адистине отчётун угуу мунун тыянагын мектеп

директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына тааныштыруу.

## 9. Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтер:

9.1. Насаатчылыкты жөнгө салуучу докумкнттерге төмөнкүлөр кирет:

- насаатчылык жөнүндө Жобо;
- насаатчыга жаш адис бекитилгендиги тууралуу мектеп директорунун буйругу;
- насаатчынын жаш адис менен иштешүү планы;
- насаатчы менен жаш адистин аткарган иши жөнүндө отчёттору;
- өз ара сабакка катышуу , көрүлгөн сабактар менен класстан тышкаркы иш-чараларды талдоо жана өзүн-өзү талдоо(ой жүгүртүү) дептерлери;
- насаатчылык маселелерин караган педагогикалык кеңештердин, Насаатчылар Кеңешинин (эгер бар болсо) отурумдарынын протоколдору.

# Насаатчы менен жаш педагогдун жылдык иш планы

| Бөлүмү | Аткарыла турган иштер | Мөөнөтү | Жооптуу адам | Көрсөткүчү |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| Уюштуруу иши | 1.Таанышуу<br>2.мектеп менен тааныштыруу<br>3.ички тышкы эрежелер менен тааныштырып,уюштуруу иштерин жүргүзүү | сентябрь | Насаатчы жаш педагог | Мектепке адаптация алат |
| Дасыктык талаптар | Мугалимдин укук милдеттери жөнүндө билүү жана толуктоо | сентябрь | Насаатчы | Укук милдетин түшүнөт |
| Педагогикалык ишмердүүлүк | Билим берүүдө тиешелүү иш кагаздарды уюштуруу | сентябрь дайыма | Насаатчы жаш педагог | Билим берүү системасын түшүнөт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Класс жетекчилик иштер | Класстагы окуучулар менен иштечү иш план түзүү<br>1.класстык сааттардын темаларын тандоо<br>2.ата энелерди мектепке тартуу<br>*чогулуш<br>*семинар<br>*сабактарга катыштыруу<br>* коомдук иштерге кызыктыруу жана тартуу<br>3.отчетту өз убагында тапшыруу | Чейрек сайын | мугалим | Окуучулардын кулк мүнөзүн түшүнүп,мамиле жасоого калыптанат.<br>Ата энелердин жоопкерчилиги жогорулайт |
| Өздүк билимин көтөрүү | Мугалимдердин статусун,Билим Берүү мыйзамдары ж.б жаныланып туруу | өз убагында | мугалим | Билимдери жогорулайт, саясий түшүнүктөргө ээ болушат |
| Жыйынтыктоо | Тест, анкеталарды алып туруу | өз убагында | Насаатчы | Жаныланып турат |

# Сентябрь

| Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|
| Насаатчы менен жаш мугалимдин жылдык иш планын түзүү | 3-4-сентябрь | Касаева Ж | Насаатчы менен жаш мугалимдин иш-планы папкасы | Мектеп документациясы, окуу планы жөнүндө кошумча маалыматтарды алат |
| Окуу программасы жөнүндө маалымат берүү<br>а)Окуу планы жана программа<br>б)Окуу китептери<br>в)Мектеп документациясы | 2-сентябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Окуу планы,окуу китептери,мектеп документациялары | Мектеп документациясы, окуу планы жөнүндө кошумча маалыматтарды алат |
| Өндүрүштүк план,конспект жазуу | Убагы менен | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Өндүрүштүк план, окуу китептери | Конспект планды мамлекеттик стандартка ылайык жазууга көнүгөт |
| Кабинеттердин санитардык гигиеналык режимге ылайык кармоого үйрөтүү | Убагы менен | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Класс кабинети | Класстын паспорттору жазылып,инвенвентарлар толукталат |

# Октябрь

| № | Аткарылган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Насаатчы жана жаш мугалимдин папкасын толуктоо | Октябрь | Касаева Ж | Насаатчы жана жаш мугалимдин папкасы | Насаатчы жана жаш мугалимдин папкасы толукталат |
| 2 | Жаш мугалимдин сабагына катышуу сунуш пикир айтуу | Октябрь | Касаева Ж | Жолдоштук сабакка катышуу | Жаш мугалим сунуш кеңеш алат |
| 3 | Өзүнүн сабагына анализ берүү | Октябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Анализ баракчасы | Өзүнө-өзү анализ берүүгө көнүгөт |
| 4 | Кржоктун планын түзүүнү үйрөнүү | Октябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Кржоктун планы | Жетише албаган окуучулар мене иш алып барат |
| 5 | Өтүлгөн теманы кайталоо жана аны темалар менен байланыштыруу | Октябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Окуу китептери | Өтүлгөн теманы кайталоо жана аны темалар менен байланыштырууга машыгат |
| 6 | Журналга анализ жазуу | Октябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Журнал | Чейрек аягында журналга туура анализ берүүгө көнүгөт |
| 7 | Предмет боюнча чейректик баалардын коюлушуна көзөмөл жүргүзүү | Октябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Журнал | Предмет боюнча чейректик бааларды туура коюуга үйрөнөт |
| 8 | «Окуу керемет!»тренинг сабактарга катышуу | Октябрь | Касаева Ж<br>Арзымова Б | Модулдар | Окуу жана математика көндүмдөрү менен сабак өтүүгө үйрөнөт |

ОКТЯБРЬ

# Ноябрь

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чейректин отчётун жазууну үйрөнүү | Ноябрь | Жаш мугалим | Чейректик жазуу иштери | Чейректик отчётту түзүп, жазганга үйрөнө |
| 2 | Журналга анализ берүүнү үйрөнүү | Ноябрь | Жаш мугалим | Журнал | Окуу планын толук журналга түшүрүп,анализ жазууну үйрөтөт |
| 3 | Сабактын өтүү мөөнөтүн туура пайдалануу | Ноябрь | Жаш мугалим | Сабактын планы | План боюнча сабактын мөөнөтүн туура пайдаланат |
| 4 | Сабак ортосунда эс алуу көндүмдөрүн уюштурууга кеңеш алуу | Ноябрь | Жаш мугалим | Методикалык китептер | Эс алуу көдүмдөрүн туура пайдалана билүүгө үйрөнөт |
| 5 | Класс жетекчи катары окуучулар менен жекече иш алып барууну үйрөнөм | Ноябрь | Жаш мугалим | Ата-энелер дептери | Класс жетекчилик милдетти так аткарып, көндүмдөргө айландырат |
| 6 | Партфолиогу уюштуруу,толуктап туруу | Ноябрь | Насаатчы Жаш мугалим | 5 бөлүкчө | 5 бөлүктү толук билип, ажырата билет |
| 7 | Жолдоштук сабакка катышуу | Ноябрь | Насаатчы Жаш мугалим | Катыш дептер | Жолдоштук сабактарга катышып, өзүнө тажрыйба топтойт |

# Январь

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Насаатчы менен жаш мугалимдин папкасын толуктоо | 12- январь | Насаатчы | Насаатчы менен жаш мугалимдин папкасы | Насаатчы менен жаш мугалимдин папкасы толукталат |
| 2 | Жаш мугалимдин сабагына катышуу сунуш пикир айтуу | 14-январь | Насаатчы | Жолдоштук сабакка катышуу | Жаш мугалим сунуш кеңеш алат |
| 3 | «Окуу керемет!» тренинг сабактарга катышуу | Убагы менен | Насаатчы<br>Жаш мугалим | Модулдар | Окуу жана математика көндүмдөрү менен сабак өтүүгө үйрөнөт |
| 4 | Окуучулрдын жетишкендиктерин баалоо | 22-январь | Насаатчы<br>Жаш мугалим | Баалоонун түрлөрү | Баалоо критерийинин негизинде ар бир окуучуну туура баалайт |
| 5 | Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу | 27-январь | Жаш мугалим | Дептерлер,таркатмалар текстик тапшырмалар | Жетише албаган окуучулар менен иштөө жолдорун аныктайт |
| 6 | Сабак ортосунда эс алдыруучу көндүмдөрү уюштуруу | 29-январь | Жаш мугалим | Методикалык китептер | Эс алуу көндүмдөрүн туура пайдаланууга үйрөнөт |

# Февраль

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер чогулушунун темасын аныктоо, максатын коюуга көнүгүү | 4-февраль | Жаш мугали | Токтом | Ата-энелер чогулушунун темасын жана максатын так аныктоону үйрөнөт |
| 2 | Окуучулардын шар окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү | 11--февраль | Жаш мугалим | Адабий китептер | Окуучулардын көркөм жана адабий окууга болгон кызыгуусун өнүктүрөт |
| 3 | Көрсөтмө курал жасоо | 20-февраль | Жаш мугалим | Көрсөтмө куралдар, методикалык колдонмолор | Оригиналдуу көрсөтмө куралдарды жасоону үйрөнүт |
| 4 | Ачык сабак өтүү | 25-февраль | Насаатчы<br>Жаш мугалим | Анализ | Көрсөтмөлүүлүк менен сабак өтүп,сын- пикирден жыйынтык чыгара алат |
| 5 | Ата- энелер менен иштөө файылын жөнгө салуу | 28-февраль | Жаш мугалим | Иш файлдар | Ата-энелер менен иштөө файлы толукталат |

# Март

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Окуу керемет!» долбоорунун негизинде, стратегияларды пайдалануу менен ачык сабак өтүү | 3-март | Жаш мугалим | Көрсөтмө куралдар | Стратегияларды туура пайдалануу менен ачык сабак өтөп,сын-пикирден жыйынтык чыгара алат |
| 2 | Жлдоштук сабакка катышуу | 10-15-март | Жаш мугалим | Жолдоштук сабакка катышуу дептери | Жолдоштук сабактарга катышып, өзүнө тажрыйба топтойт |
| 3 | Кабинеттерди санитардык жана гигиеналык талапка ылайык кармоо | Убагы менен | Жаш мугалим | Класс кабинети | Класстын паспорттору толукталып,инвентарлар толукталат |
| 4 | Өндүрүштүк план,конспект жазуу | Убагы менен | Жаш мугалим | Өндүрүштүк план,окуу китептери | Конспект планды мамлекеттик стандартка ылайык жазууга көнүгөт |

Директор 2021-10-12 ж.

**Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинде уюштурулуучу "Насаатчы жана жаш мугалим" конкурсу жөнүндө Жобо**

1. **Жалпы жоболор**

1.1 Насаатчы-предмет жана окутуу усулу жаатында мыкты кесипкөй жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог.

Насаатчылык- жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгиликтерин өнүктүрүү боюнча насаатчынын тутумдуу иш жүргүзүшү

1.2 Конкурс билим берүүнүн мазмуну улам өзгөрүп жаткан учурда педагогдордун алдыңкы тажрыйбаларын, заманбап билим берүү технологияларын жана методикаларын сунуштоо, аларды колдонуу боюнча эффективдүү практикаларды жайылтуу формаларынын бири болуп эсептелет.

1.3 Конкурсту өткөрүү аркылуу билим берүүнү өнүктүрүүгө, мыкты педагогикалык тажрыйбаларды алып чыгып, мугалимдердин арасында таратууга мүмкүндүк ачылат. Ошондой эле конкурс педагогдордун кесиптик жана маалыматтык-коммуникациялык компетенцияларын өнүктүрүүгө жол ачат, эң мыктылары тандалат.

1.4. Уюштуруу тобу Конкурсту даярдоо жана өткөрүүнүн бирдиктүү планына ылайык иш алып барып, анын ар бир этабына ылайык баалоо критерийлеринин негизинде аягына чейин үзгүлтүксүз баалоо жүргүзөт.

2. **Максаты жана милдеттери**

2.1 **Конкурстун максаты —жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан жардам, көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадр маселесин бекемдөө , учурдагы мыкты педагогикалык тажрыйбаларды топтоо, жайылтуу**

2.2. **Конкурстун милдеттери:**

- Эң мыкты педагогикалык практикаларды алмашууга шарт түзүү;
- Жаш педагогдордун чыгармачылык жана кесиптик потенциалын ачууга, өзүнүн педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү үчүн дайыма иштөөгө өбөлгө түзүү;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдин макамы" жөнүндө мыйзамдарын өз ишмердигин, мектептин түзүмүн, иштөө өзгөчөлүктөрүн жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченемдик актыларда окуп-үйрөнүү.

**Конкурсту уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби.**

Конкурс беш этап менен өткөрүлөт.

*1- этап-* Насаатчы менен жаш мугалимдин иш-кагаздары

- Жобо;
- **Насаатчыга жаш мугалим бекитилгендиги тууралуу мектеп директорунун буйругу;**
- **Насаатчы менен жаш адистин иштешүү планы;**
- **Насаатчы жана жаш адистин аткарган иштери жөнүндө отчеттору;**
- **Өз ара сабакка катышуу, жаш мугалимге байкоо жүргүзүү дептери**

2021-жылдын 1-декабрынан 14-декабрына чейин

2-этап- Ата-энелер менен иш алып баруу эркин формада;

2021-жылдын 15-декабрынан 2022-жылдын 15-январына чейин

3-этап-Насаатчы менен жаш мугалимдин интеграцияланган сабагы;

2022-жылдын 17-январынан 4-февралына чейин

4-этап-Жаш мугалимдин үлгүлүү, көрсөтмөлүү ачык сабагы оригиналдуу көрсөтмө куралы менен;

2022-жылдын 4-февралынан 24-февралына чейин

5-этап-Тесттик тапшырмалар(Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдин макамы" жөнүндө мыйзамдарын камтыган, педагогикалык тесттер)

Жыйынтык чыгарылат, жеңүүчүлөр аныкталат, сыйланат

2022-жылдын 28-февралы

## Баалоо критерийлери:

- Конкурстук материалдардын мазмунунун, маңызынын конкурстун шарттарына туура келүүсү.
- Актуалдуулугу, учурдагы билим берүүнүн талаптарына, билим берүү стандарттарына туура келүүсү, практикага багытталуусу жана материалдын методикалык баалуулугу.
- Алдыңкы билим берүү технологияларынын жана санариптик технологиялардын соңку жетишкендиктерин киргизүү даражасы.
- МКТ каражаттарын конкурстук жумушта колдонуу чеберчилиги.
- Өтүлүүчү сабактардын материалдардын сапаты: максат, милдеттери, (жалпы билим берүү мамлекеттик стандарттарына, предметтик стандарттарга ылайык), сценарий, тиркемелери; дидактикалык талаптарга дал келүүсү; тактык, логикалуулук, жана сабактардын ар бир этабынын жыйынтыкталуусу.
- Педагогикалык чеберчиликтин сапаты жана деңгээли: мугалимдин предметтик компетенттүүлүгү жана жалпы эрудициясы; кеп маданияты (дикция, темп, сүйлөө сабаттуулугу); педагогикалык баарлашуусунун стили.

**Сунуштар:**

1. **(+) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы көбүрөөк ийгиликтүү/натыйжалуу?**
2. **(-) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы өзгөртүүгө, жакшыртууга муктаж?**
3. **(√) - Кошумча комментарийлер, сунуштар**
4. **(?) - Суроолор**

(+) Насаатчы Касаева Ж. м/н жаш мугалим Арзыкова Бегайдын пландары толук жазылган. Жазылган пландары окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө дал келет. Өтүлгөн иш-чаралардын анализдери жазылган, иштелмелери толук. Насаатчы м/н жаш мугалимдердин бүтүрүү жобосу жазылган. Уюштурулган папкалардын эстетикалык жагына өзгөчө көңүл бурулган.

Ата-энелер м/н иштөөдө план жазылган, ата-энелер үчүн анкеталар жүргүзүлөт, байланыш дептерлери уюштурулган.

Класс жетекчилик папкада окуучулардын милдеттери, укуктары, тизмелери, китеп б/ю маалыматтар толук жазылган. Ар кыл темадагы материалдары бар.

Насаатчы тарабынан жаш мугалимге көрсөтмөлөр берилет. М: журналды, күндөлүк, дептерлер, иш пландарды кантип жазуу, уюштуруу к/с жөнүндө түшүндүрүлүп турат.

Насаатчы жаш мугалимдин сабагына байма-бай катышып, анализдерди берүү менен өзүнүн тажрыйбасын бөлүшөт. Жаш мугалим өзүнө анализ берүүгө жетишкен. Ата-энелер, класстын (а.с.) чогулушунун тексттерин жазганды үйрөнгөн.

Касаева м/н Арзыковада. Насаатчы менен жаш мугалимдин 2020-2024-жылдарга карата түзүлгөн өнүгүү планы жазылган.

Бул өнүгүү планында жаш мугалим менен насаатчы мугалим эмнелерге жетише турганы жыл-жылга бөлүнгөн.

Бул иш план төрт жылда иштелсе, анда келечектеги жаш мугалим - мыкты мугалим болуп чыгат деген ишенимим чоң.

(√-) Сунуш: Насаатчы м/н жаш мугалимдин өнүгүү планын жайылтуу керек.

(?) Сиздин тажрыйбаңызды, чеберчилигиңизди педагогикалык ишмердүүлүгүңүздү жаш мугалимге берип жатасыз? (Ооба жок) Келечекте ушул [illegible] жаш мугалимден кара [illegible] деп ойлойсузбу? Жаш мугалим: сиз өзүңүздү [illegible] үчүн кандай иш-аракет жасайсыз?

**Сунуштар:**

1. **(+) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы көбүрөөк ийгиликтүү/натыйжалуу?**
2. **(-) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы өзгөртүүгө, жакшыртууга муктаж?**
3. **(√) - Кошумча комментарийлер, сунуштар**
4. **(?) - Суроолор**

(+) Насаатчы Сулайманова К, жаш мугалими Акылбекова А-нын иш планы нормал жагдайда болуп түзүлгөн. Иш-чараларын жазып турушат. Жобо, буйрук бар.
Жаш мугалимдин класс жетекчилик, ата-энелер менен иштөө файлдары жакшы уюшулган. Эми алар менен иш жүргүзүү керек. Дагы каникулда окуучуларга иш болуп-турууну айрым учурда көйгөйсө калат экен.
Класс жетекчи-к менен жаңыдан иш жүргүзүп баштаса да жакшы алдыңкы иштери бар. Предмети боюнча 7-8-9-10-11-кл сабак берет. Окуучулар менен тил табыша билүүсү, өз предметин сүйөт. Буга чейин 8-класска ачык сабак, 7-класска "Физикалык хоккей" аттуу сабагын, Энелер мектеби боюнча "Бала үйдө эмес көрүп тарбия алат" тренинг жогору деңгээлде өттү. Өз предметин билет. Насаатчы тарабынан байкоо жүргүзүлүп сабагына катышып турат! Класс жетекчинин жылдык планы жакшы.

(−) Иш-кагаздарынын жетишпестик абалдарына көңүл буруу. Насаатчы тарабынан байкоо жүргүзүүдө "Сунуштар", "Өзүнө анализ берүүчү" жазуу керек.

(√) Ата-энелер менен байланыштың, класс жетекчилик иштеринин түзүлгөн иш пландарын иштемелеринин кемчиликтерин тактоосу зарыл.

(?) Келечекте окуучуларды өзүңүз кайсы жагынан көрсөтө аласың деп ойлойсуң? Олимпиададабы? же... ойлоп табуучулардабы?

**Сунуштар:**

**1. (+) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы көбүрөөк ийгиликтүү/натыйжалуу?**

**2. (-) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы өзгөртүүгө, жакшыртууга муктаж?**

**3. (√) - Кошумча комментарийлер, сунуштар**

**4. (?) - Суроолор**

(+) Насаатчы Сулайманова К, жаш мугалими Актабенова А иш план нормал жолдуу болуп түзүлгөн. Иштелмелерин жазып турушат. Жообо, буйрук бар.
Жаш мугалимдин класс жетекчилик, ата-энелер менен иштөө файлдарына көңүл бурулган. Эми алар менен иш жүргүзүү керек. Дагы көңүлдүүрөө окуучуларга иш болуп турууда айрым учурда көңүлсүз болот экен.
Класс жетекчилик менен жакында иш жүргүзүп баштаса да жакшы алдыңкы иштери бар. Предмети боюнча 7-8-9-10-11-кл сабак берет. Окуучулар менен тил табыша билүүсү, өз предметин сүйөт. Буга чейин 8-класста ачык сабак, 7-класста "Физикалык хоккей" деген сабагын, энелер мектеби боюнча "Бала үйдө эмес көрүп тарбия алат" тренинг жогорку деңгээлде өттү. Өз предметин билет. Насаатчы тарабынан байкоо жүргүзүүдө сабагына катышып турат. Класс жетекчилик иш-чаралык планы жакшы.

(−) Иш-кагаздарынын жетишсиздик абалдарына көңүл буруу. Насаатчы тарабынан байкоо жүргүзүүдө "Сундукатор", "Одно анализ берүүгө" көңүл буруу керек.

(√) Ата-энелер менен байланыш, класс жетекчилик иштердин түзүлгөн иш пландарын иштелмелеринин кемчиликтерин тактоосу зарыл.

(?) Тесттен окуучуларда өнүгүүнү кайсы жагынан көрсөтө алат деп ойлойсуз? Олимпиададабы? же... Ойлоп табуучулардабы?

Сунуштар:

1. (+) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы көбүрөөк ийгиликтүү/натыйжалуу?
2. (-) - Педагогдун ишмердүүлүгүнүн кайсы жагы өзгөртүүгө, жакшыртууга муктаж?
3. (√) - Кошумча комментарийлер, сунуштар
4. (?) - Суроолор

1(+) Насаатчы мугалим Байтакова Аида менен жаш мугалимдин иш планы 1-чи жарым жылдык үчүн түзүлгөн, жобо, директордун буйругу тиркелген. Насаатчы мугалим иш кагаздарынын өз башына насаатчылык жөнүндө цитаталарды издениш жазып салынган, иш-кагаздары ирээти менен салынган, эстетикалык абалы да жакшы.

2(-) Окуучулардын жазуу иштерине көп көңүл бөлүп, диктантты көп жаздыруу керек. Окуучулардын сүйлөө дикциясына, сөз байлыгына көңүл буруу ал үчүн ийримдерге окуучуларды тартуу керек. Жаш мугалимдин үч жылдык окуу планын жана жеке кесиптик планын түзүү. Жаш мугалимдин сабактарына байкоо жүргүзүп, талкуу жүргүзүп туруу керек. Жаш мугалим айтылган сын пикир, каталардын үстүндө иштеш керек. Өз предметин сүйүү керек жана жоопкерчиликти сезиш керек.

3.(✓) - Окуучуларга жеткиликтүү жана таасирдүү сабак өтүү
- Чыгармачылыгын өстүрүү үчүн усулдук жардам көрсөтүү
- Жаш мугалим көп окуп, изденүүнү талап кылуу
- Жаштык бурчту уюштуруу

4.(?) Окуучулар менен жекече иштөөдө же ийримде иш алып барууда кандай кыйынчылыктар болду жана ал жөнүндө кимден жардам сурадыңыз?

Мектеп директору: ________А.Нааматова

«______»___________

Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин «УСУЛДУК» бирикмелери жөнүндө

ЖОБО

1.Жалпы жоболор КР нын Конституциясынын Кыргыз Республикасынын Билим Берүү мыйзамынын,КР нын мугалимдер жөнүдө статусунун негизинде кабыл алынды.Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинин «Усулдук бирикмелер жөнүндөгү» жобо (мындан ары жобо) билим берүү аймактарына ылайык мугалимдердин усулдук кызматташуусун,окуучуларга билим берүү,тарбиялоо тажрыйбасын байтуу,мугалимдердин жоопкерчилигин көтөрүү,ишке болгон кызыгуусун арттыруу иш аракеттерин жөнгө салат.

Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинде мугалимдердин «Усулдук бирикмелери» жалпы термин менен берилет. «Усулдук бирикме» термини эч кандай юридикалык күчкө ээ эмес жана тырмакчанын ичине берилет. Жобо усулдук бирикменин укуктарын,милдеттерин,максатын иш багыттарын аныктайт

Усулдук бирикме мектептин чегинде гана иш алып барат жана админстрациянын,билим берүү уюмдарынын жетекчи органдарынын көрсөтмөсү,сунушу менен мектептин сырткы билим берүү уюмдарында тажрыйба жайылтуучулук иш аракеттерди жүргүзө алышат

Мектептин билим берүү аймактарын эске алуу менен түзүлгөн иш алып барат

- МИФ усулдук бирикмеси
- Аздек усулдук бирикмеси
- Чабыт усулдук бирикмеси
- Байчечекей усулдук бирикмеси
- Чебер усулдук бирикмеси

1.8. Предметтик мугалимдердин усулдук бирикмеге тиешелүүлүгү төмөндөгүдөй:

МИФ-усулдук бирикмеси: математика,физика,информатика,чийүү

Аздек- усулдук бирикмеси: кыргыз тили жана адабияты,орус тили жана адабияты, англис тили

Байчечекей- усулдук бирикмеси:башталгыч класстын мугалимдери

Чабыт усулдук бирикмеси: тарых,биология,география,химия

Чебер усулдук бирикмеси: дене тарбия,музыка,көркөм өнөр,кол эмгек

1.9. Усулдук бирикмелер КР нын Билим берүү мыйзамынын ,КР нын мугалимдер жөнүндө статусун,мектептин уставынын чегинде иш алып барат

**2.УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРДИН максаты жана иш багыттары:**

**УБнин максаты: Клечектеги инсандардын компонентүүлүгүн калыптандыруу** багытындагы усулдук тажрыйбаларды өнүктүрүү

**3.ИШ БАГЫТЫ**

**- Ар бир усулдук бирикме окуучулардын тиешелүү аймактагы сабактардын** кызыкчылыгына дал келген инсандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү

- мугалимдердин жоопкерчилигин жогорулатуу

- мугалимдердин ишке болгон педагогикалык кызыгуусун арттырат

- коомчулуктун билим берүүдө болгон мамилеси көз карашы жакшырат

Усулдук бирикме төмөндөгү иштерди алып бара алат:

- УБ коомдук уюмдар менен байланышат

- Мектептен сырткаркы башка коомдук  жана мамлекеттик мекемелер менен байланышат.

- Мектептин админстрациясынын макулдугу менен мектептен сырткаркы уюмдар менен билим берүү тарбиялоо жаатында ар кандай келишимдерди түзүп иш алып байланышат

- Ар кандай акы төлөнүүчү ийримдерди иштешет

- Иш аракеттери тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттарын билдиришет

- Ар кандай маселелерди педагогикалык кенешке сунушташат

- Өзүнүн мүчөлөрүн сыйлыкка сунушташат

**4.УБ ге мүчө болуу**

4.1 УБге мектептин тиешелүү аймак боюнча сабак берген мугалимдер мүчө боло алышат

**4.2.УБнин мүчөлөрүнөн чыгуу** ар кандай себептер менен мектептен биротоло бошоп кеткен учурда жүргүзүлөт

**4.3.**Сабактарына жараша мугалимдер эки башка бирикмеге мүчө болуп калышы мүмкүн

**5.УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ**

5.1.УБ нин мүчөлөрү тен укуктуу жана бирикме тарабынан аткарылган жана аткаруучу иштерге бирдей жоопкерчилик тартат

**УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ:**

- Мугалимдин адистик денгээлин көтөрүү үчүн сунушун даярдайт жана сунуштама бере алат

- Мектептеги окуу процесин жакшыртууга карата сунушун бере алат

- УБдеги топтолгон педагогикалык тажрыйбаларды камтыган материалды публикациялоого сунуштама бере алат

- УБ деги эксперименталдык ишмердикте активдүү катышкан мугалимдерди сыйлоо үчүн мектеп администрациясына сунуш коюуга

- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун ар кандай формаларын сунуштоого

- Окуучуларды окутуп тарбиялоодо көйгөйлөрдү чечүүгө карата ар кандай суроо маселелер менен кайрылууга

- Мугалимдердин аттестациялоо боюнча мазмунуна жана уюштуруу иштерине сунуштарды киргизүүгө

- УБдеги мугалимдердин арасынан ар кандай «Жыл мугалим» «Чыгармачыл мугалим» «Мыкты класс» жб конкурстарга сунуш киргизүүгө

**УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ:**

- Кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө иштөөгө

- УБ нин чогулуштарына,практикалык семинарларга,мектептеги алдынкы тажрыйбалардын илимий усулдук семинарларына катышууга

- Педагогикалык ишмердүүлүктүн өзүнө өзү талдоонун негиздерине ээ болууга

- УБнин маалыматтык жана усулдук иштерине катышуу

- Окутулган предмет курс факультатив ж.б илимий усулдук камсыздоо боюнча документтерди иштеп чыгууга

- Окутурган окуу предметтерин диогноздоо,прогноздоо,пландаштыруу маселелери боюнча материалды иштеп чыгууга

- Билим берүү уюмундагы педагогдор арасында тажрыйбаларды таратып жана жалпылаганга

- Окуучуларды окутуу жана тарбиялоодо эффективдүү усулдар боюнча чыгармачыл отчетторду жүргүзүүгө

- Жаш адиске жардам көрсөтүүгө

- Педагогикалык жамаатка окутулган предметтеги усулдардын актуалдуу көйгөйлөрү тууралуу кенештерди жүргүзүүгө